**УРМАТТУУ КОЛЛЕГАЛАР!**

“Диссертациялардын негизги илимий жыйынтыктарын жарыялоо үчүн рецензияланган илимий басылмалардын тизмесин түзүү эрежелери жөнүндө Жобого” (Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык Комиссиясынын (ЖАК) президиумунун 2018-жылдын 1-мартындагы №035 токтому) киргизилген толуктоолорго байланыштуу “ЫМУнун Жарчысы” жана “Кыргыз тили жана адабияты” журналдарына илимий макалаларды жарыялоо үчүн материалдар төмөнкүдөй формада берилүүсүн өтүнөбүз:

1. Жарыялана турган материалдарда УДК, автор, анын иштеген жери жана электрондук адреси көрсөтүлөт.

2. Жарыялана турган бардык илимий макалалар учурдагы ГОСТ же APA ( American Psychologikal Association - Америкалык психологиялык ассоциация) каралган талаптардын негизинде жарыялоо эрежелерине ылайык түзүлгөн макалардын библиографиялык тизмелерин камтууга тийиш.

3. Илимий макаларды жарыялоодо ачкыч сөздөрү (5-10 сөздөн кем эмес) жана кыргыз, орус жана англис тилдериндеги аннотациясы (100-250 сөздөн кем эмес) болуусу милдеттүү.

4. Макаланын тексти 5 тен кем эмес беттен туруп (Times New Roman шрифти менен 12 өлчөмүндө; интервалы – 1.0; төрт жагынын талаасынын эни 2,5 см болушу зарыл), электрондук жана басып чыгарылган вариантта болуусу зарыл.

5. Илимий макалаларга рецензенттин колун мекеменин мөөрү менен бекитилген рецензия тиркелет. Электрондук почта менен жөнөтүүдө сканерленген варианты берилет.

6. К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун окутуучулары үчүн макаланын бир бети – 50 сом, ал эми руспублика боюнча окумуштуулар, изденүүчүлөр жана чет элдик жарандар үчүн төлөмдүн башка суммасы каралган.

7. Антиплагиатка текшерүүдө тексттин оригиналдуулугу 70%дан кем болбошу керек (оригиналдуулукту www.antiplagiat.ru адреси боюнча өз алдынча текшерсеңиз болот).

**КӨҢҮЛ БУРГУЛА! Берилген материалдар плагиатка текшерилет!**

**Материалдардын илимийлүүлүк деңгээли редакциялык коллегия тарабынан аныкталат!**

**Талаптардын бирине жооп бербеген материалдар кайра артка кайтарылат!**